КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
БЕШКЕНТ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
БЕШКЕНТСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**Бешкент айылдык кеңешинин VII- чакырылышынын кезектеги 16-сессиясынын**

**№ 92 ТОКТОМУ**

**Бешкент айылы** **25-январь 2024-жыл.**

Бешкент айыл өкмөтүнүн 2024-жылга туруктуу өнүктүрүү программасынын түзүлгөн иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө

Бешкент айыл өкмөтүнүн 2024-жылга туруктуу өнүктүрүү программасынын түзүлгөн иш-чарасы боюнча Бешкент айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу К.А.Алимбековдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Бешкент айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бешкент айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата түзүлгөн туруктуу өнүктүрүү программасынын иш-чарасы бекитилсин (тиркеме тиркелет**№1**).

2. Бешкент айыл өкмөтүнүн туруктуу өнүктүрүү программасынын 2024-жылдагы **33** (отуз үч )иш чараларын аткаруу боюнча айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлерине, айыл башчыларына ,тийиштүү мекеме-уюмдардын жетекчилерине милдеттендирилсин.

3. Бешкент айыл өкмөтүнүн туруктуу өнүктүрүү программасынын 2024-жылга карата түзүлгөн тиркеме **№1** ге ылайык **33** (отуз үч )иш чараларын аткарылышы боюнча айыл өкмөтү жыл ичинде сессияда эки жолу отчет берүүсү белгиленсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бешкент айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Бешкент айылдык кеңешинин төрагасы:** **О.Т. Баховотдинов.**